**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

**2009-жылдын тогуз айы үчүн**

**2010-жылдын январь айы**

**Бишкек**

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

Төрагасы: З. Чокоев,
Кеңештин мүчөлөрү: Абдыбалы тегин С.,
Л. Цыплакова,
С. Урустемов,
Г. Исакова.

Жооптуу катчы: М. Абдырахманов.

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган жана анда тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылып, анда төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле, төлөм теңдемин түзүү ыкмалары жана маалымат базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2010-жылдын 20-январы.**

### **Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Фианасы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөтөлиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-57, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 66-90-55; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: mabdyrahmanov@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөртүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2010-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

"МЧМ Дифайн плюс" ЖЧКсынын басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***
Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, ошондой эле банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү "Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" басылмасынын максаты. Басылма жылдын үчтүн айынын бирине жана теке айынын бирине карата абал боюнча кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген, Улуттук банктын тизмесине ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ИДП | - Ички дүң продукт |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз |
| ЕБРР | - Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы |
| ИБР | - Ислам өнүктүрүү банкы |
| АЧӨ | - Алыскы чет өлкө |
| ЭИП | - Эл аралык инвестициялык позиция |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| ТКМ | - Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ЭВФ | - Эл аралык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | - Эл аралык стандарттык товардык классификация |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ӨЭУ | - Өкмөттүк эмес уюмдар |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | - Импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин шериктештигине кирген өлкөлөр |
| АКШ | - Америка Кошмо Штаты |
| ТЭИТН | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| ФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| БК | - Баалуу кагаздар |

**МАЗМУНУ**

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы** ...... 7
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ...... 19
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ...... 20
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ...... 28
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ...... 28
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ...... 29
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ...... 29
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ...... 30
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ...... 30
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ...... 31
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ...... 31
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ...... 32
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ...... 34
I.12-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ...... 36
I.13-таблица. Баалардын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ...... 37
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ...... 38
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ...... 38
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ...... 39
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ...... 40
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ...... 41
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ...... 42
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ...... 43
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ...... 44
I.21-таблица. БАЭна товарлардын экспорту ...... 45
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ...... 46
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ...... 47
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ...... 47
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ...... 48
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ...... 49
I.26-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ...... 50
I.27-таблица. Украинадан товарлардын импорту ...... 51
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ...... 52
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ...... 53
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ...... 54
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ...... 55
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ...... 56
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ...... 57
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ...... 58
I.1-график. Алмашуу курсу жана номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ... 59
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун идекстери ...... 60
I.36-таблица. Кыргыз Республикасынан кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмү ...... 62
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына кызмат көрсөтүүлөр импортунун географиялык түзүмү ...... 63
I.38-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ...... 64
I.39-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык ишкердиктин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ...... 65
I.40-таблица. Кыргыз Республикасына башка инвестицияларынын таза агылып келүүсүнүн географиялык структурасы ...... 66
I.41-таблица. Эл аралык камдар ...... 67
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ...... 67
I.43-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү ...... 68
I.44-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ...... 69
I.45-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы ...... 70
**II тиркеме.**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ...... 71

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

2009-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде **төлөм теңдеминин жалпы сальдосу** 157,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн.

Ал эми **күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу терс түптөлгөн жана** 17,2 млн. АКШ долларын же ИДПга карата 0,5 пайызды түзгөн.

**1-график: Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайыздарда*




## СООДА БАЛАНСЫ

Соода балансынын тартыштыгы 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 853,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын тогуз айы ичиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 35,7 пайызга аз. Кыргыз Республикасынын Тышкы соода жүгүртүүсү 2008-жылдын тиешелүү мезгилинин ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 22,6 пайызга азаюу менен отчеттук мезгилде экспорттук сыяктуу эле, импорттук операциялардын көлөмүнүн кыскаруусунун натыйжасында, нарктык мааниде 3 105,6 млн. АКШ доллары чегинде катталган.

**2-график: КР соода балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




Товарлардын ФОБ баасындагы экспортунун көлөмү 2008-жылдын тиешелүү мезгили ичиндеги анын көлөмүнө салыштырганда, 2009-жылдын январь айынан тартып сентябрь айына чейинки мезгил ичинде кошумча баалоолорду эске алганда, 16,2 пайызга кыскарган жана 1 126,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

**1-таблица: Товарлардын экспорту**
*(АКШ млн. долларында)*

| | 9 ай, 05 | 9 ай, 06 | 9 ай, 07 | 9 ай, 08 | 9 ай, 09 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (ФОБ) | 496,8 | 646,2 | 944,1 | 1342,8 | 1126,0 |
| *Өзгөрүүсү (пайыздарда)* | *-6,3* | *30,1* | *46,1* | *42,2* | *-16,2* |

Отчеттук мезгил ичинде экспорттун функционалдык түзүмүндө (кошумча баалоолорду эске албаганда) анын жалпы көлөмүнөн 37,7 пайызды же 348,4 млн. АКШ долларын түзүү менен экспорттун олуттуу үлүшү *аралык товарларга* туура келген, бул 2008-жылдагы салыштыруу үчүн алынган мезгилге караганда 22,5 пайызга аз. Аралык товарлардын экспортунун басаңдоосу берүүлөрү 98,4 пайызга кыскарган жана 0,7 млн. АКШ долларын түзгөн портландцемент жана берүүлөрү 94,4 пайызга төмөндөгөн жана 1,5 млн. АКШ долларын түзгөн тапталган айнек сыяктуу негизги позициялар боюнча байкалган. Ошондой эле, кара металл калдыктарын жана калайды экспорттоо да кыскарган. Алтынды нарктык мааниде берүүлөр 4,8 пайызга өскөн жана 284,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде чийки заттарды экспорттук берүүлөрдүн салыштырмалуу салмагы экспорттун жалпы көлөмүндө 22,6 пайызды түзгөн. Чийки заттардын экспорту 79,9 пайызга өсүү менен 208,7 млн. АКШ доллары өлчөмүнө жеткен. Мында чийки заттарды берүүлөрдүн 78,3 пайызы органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөр менен камсыз болгон, анын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 2,5 эсеге өскөн. Мындан тышкары, тамекинин, таштын, кумдун жана шагылдын, баалуу металл рудаларынын экспортунун өсүшү каттал-

ган. Пахтанын экспорту отчеттук мезгил ичинде 26,7 пайызга төмөндөгөн жана 7,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

*Энергопродуктулардын* экспорту 2009-жылдын тогуз айы ичинде 45,3 пайызга кыскарган жана 169,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул биринчи кезекте мунайзаттарынын үчүнчү өлкөгө реэкспортунун көлөмүнүн басаңдоосу менен түшүндүрүлөт. Электрэнергиянын экспорту отчеттук мезгил ичинде 27,1 пайызга көбөйгөн жана 31,0 млн. АКШ доллары чегинде каталган.

Керектөө товарларынын экспорту 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги анын көлөмүнө салыштырганда 30,3 пайызга кыскаруу менен 2009-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча 168,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул функционалдык категориянын товардык түзүмүндө кийимдин жана ага тиешелүү буюмдардын, жемиштердин жана жаңгактардын, зер буюмдардын экспортунун олуттуу басаңдоосу байкалган. Мындан тышкары, сүттү жана сүт азыктарын, ошондой эле ысытуу лампаларын берүүлөр да басаңдаган.

Экспорттун географиялык түзүмүндө (кошумча баалоолорду эске албаганда) 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча алыскы чет өлкөлөрдүн жана КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 59,1 жана 40,9 пайызды түзгөн.

Алыскы чет өлкөлөргө экспорт нарктык мааниде 546,0 млн. АКШ долларын түзүү менен 0,4 пайызга көбөйгөн. 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча экспорттук операциялар боюнча ири өнөктөштөрдөн болуп Швейцария (алыскы чет өлкөлөргө экспорттун көлөмүнөн 36,3 пайыз), Франция (27,1 пайыз) жана БАЭ (17,3 пайыз) саналышкан. Швейцарияга экспорт алтын түрүндө сунушталган, анын көлөмү отчеттук мезгил ичинде берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун эсебинен 19,1 пайызга кыскарган. Ал эми Францияга органикалык эмес заттарды берүүлөр жүзөгө ашырылган, бул аталган өлкөгө экспорттун 2,3 эсеге өсүшүн аныктаган. Отчеттук мезгил ичинде 2,2 эсеге өскөн БАЭге экспорттун көлөмү 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде алтынды берүүлөр менен жүзөгө ашырылган. Отчеттук мезгил ичинде Латвияга (2008-жылдын тогуз айы үчүн ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 98,9 пайызга) жана Афганистанга (64,5 пайызга) экспорттун кескин төмөндөөсү байкалган, мындай жагдай аталган өлкөлөргө мунай заттарынын реэкспортунун кыскаруусуна байланыштуу түптөлгөн. Кытай менен экспорттук мамилелер жагында да төмөндөө тенденциясы жүргөн: терини, булгаарыны жана жүндү, металл рудаларын жана калдыктарын мунай заттарын, ошондой эле химиялык заттарды берүүлөр кыскарган. Отчеттук мезгил ичинде АКШга экспорттун көлөмү 19,4 млн. АКШ долларын түзүү менен 4,6 эсеге өскөн. Бул өлкөгө органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөр өскөн.

КМШ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөр 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушундай эле берүүлөргө салыштырганда 36,8 пайызга азаюу менен 2009-жылдын тогуз айы ичинде 377,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде негизги өнөктөш өлкөлөрдөн болуп Россия (КМШ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмүнөн 36,2 пайыз), Өзбекстан (34,4 пайыз) жана Казакстан (24,0 пайыз) болушкан. Россияга экспорт 42,4 пайызга кыскарган жана 136,7 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн. Россияга керектөө товарлары (кийим жана ага тиешелүүлөр, жашылча жана жемиштер, ысытуу лампалары), аралык товарлар (тапталган айнек жана жылмакайлатылган айнек) жана энергопродуктулары (мунайзаттарынын реэкспорту) боюнча экспорттун негизги төмөндөөсү байкалган. Өзбекстанга товарлардын экспорту 25,2 пайызга кыскарган жана 130,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай тенденция негизинен мунайзаттарынын реэкспортунун кыскаруусу менен түшүндүрүлөт. Казакстанга товарлардын экспорту негизинен тамак-аш азыктарын жана курулуш материалдарын берүүлөрдүн кыскарышынын эсебинен отчеттук мезгил ичинде 41,2 пайызга төмөндөгөн жана 90,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Товарлардын ФОБ баасындагы импорту 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги импорттун көлөмүнө салыштырганда 2009-жылдын тогуз айы ичинде 25,9 пайызга төмөндөгөн жана 1 979,6 млн. АКШ доллары чегинде каталган.

**2-таблица: Товарлардын импорту**

*(АКШ млн. долларында)*

| | 9 ай, 05 | 9 ай, 06 | 9 ай, 07 | 9 ай, 08 | 9 ай, 09 |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт (ФОБ) | 772,4 | 1157,2 | 1775,9 | 2669,9 | 1979,6 |
| *Өзгөрүүсү (пайыздарда)* | *20,2* | *49,8* | *53,5* | *50,3* | *-25,9* |

Импортту функционалдык бөлүштүрүүгө ылайык (СИФ баасында) отчеттук мезгил ичинде берүүлөрдүн олуттуу көлөмүн керектөө товарлары (импорттун жалпы көлөмүнөн 30,3 пайыз), энергопродуктылар (27,1 пайыз) жана аралык товарлар (23,1 пайыз) түзгөн.

*Керектөө товарларынын* импорту 30,0 пайызга төмөндөгөн жана 648,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттук түшүүлөрдүн олуттуу төмөндөөсү төмөнкү товарлар боюнча катталган: жеңил автомобилдер, кийим жана ага тиешелүүлөр, бут кийим, ун. Ошондой эле сыранын, минерал сууларынын жана алкоголсуз суусундуктарды, дары-дармектердин, сүттүн жана сүт азыктарынын, ошондой эле тамекинин импорту да басаңдаган.

*Энергопродуктулардын* импорту 2008-жылдын тогуз айы ичиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 37,0 пайызга кыскаруу менен 2009-*жылдын тогуз айы ичинде* 580,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Жаратылыш газынын импорту 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 76,8 млн. АКШ долларына каршы отчеттук мезгил ичинде 52,5 млн. АКШ долларында катталган. Мындай төмөндөө жаратылыш газын берүүнүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунан улам жүргөн, ал «Кант цемент-шифер заводу» ААКсы жана «Интергласс» ЖЧКсы сыяктуу ири ишканаларда өндүрүштүн токтоп калышы менен байланыштуу болгон. Автомобиль бензинине, авиакеросинге жана дизель отунуна баалардын төмөндөөсү импорттун физикалык көлөмүнүн өсүшүнө алып келген, ошондой болсо да бул товарлардын импортунун нарктык көлөмү кыскарган.

Аралык товарлардын түшүүсү 2009-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 495,2 млн. АКШ долларын түзүү менен 12,4 пайызга төмөндөгөн. Бул категориянын товардык түзүмүндө кездемелердин, жер семирткичтердин, резина дөңгөлөктөрүнүн, желимдин импорту төмөндөгөн.

Импорттун географиялык түзүмүндө (СИФ баасында) КМШ өлкөлөрүнүн жана алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 58,0 жана 42,0 пайызды түзгөн.

КМШ өлкөлөрүнөн импорт 2009-жылдын тогуз айы ичинде 1 240,9 млн. АКШ долларын түзүү менен 24,2 пайызга кыскарган. Импорттук операциялар боюнча алдыңкылардын катарына Россия (КМШ өлкөлөрүнөн импорттун жалпы көлөмүнөн 63,6 пайыз), Казакстан (19,6 пайыз), Өзбекстан (6,9 пайыз) өлкөлөрү кирген. Россия импорту 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 63,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 30,6 пайызга кыскарган. Мындай тенденция энергопродуктулардын, көбүнчө авиокеросиндин, автомобиль бензининин, иштетиле элек мунайдын жана дизель отунунун түшүүлөрүнүн кыскаруусунан улам түптөлгөн. Төмөндөө ошондой эле, керектөө товарлары (сыра, сүт жана сүт азыктары, маргарин жана жуурулган май, дары-дармектер), аралык товарлар (органикалык эмес химиялык заттар, резина дөңгөлөктөрү) боюнча да байкалган. Казакстандан импорт отчеттук мезгил ичинде 8,3 пайызга төмөндөгөн жана 243,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Казакстан импортунун товардык түзүмүндө канттын, ундун, алкоголсуз суусундуктардын, тамекинин, таштын, кумдун жана шагылдын, металл калдыктарынын, авиакеросиндин түшүүлөрү кыскарган. Ал эми буудайдын, өсүмдүк майынын жана органикалык эмес химиялык заттын импортунун өсүшү катталган. Өзбекстандан импорт 2008-жылдын тогуз айындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 24,4 пайызга төмөндөө менен 85,8 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Өзбекстандан импорттун товардык түзүмү негизинен, энергопродуктулар жана аралык товарлар менен сунушталган. Энергопродуктулардын түзүмүндө жаратылыш газынын импорту 24,3 пайызга, ал эми импорттолуучу отундун көлөмү мында 31,7 пайызга кыскарган. Аралык товарлар импорту 71,1 пайызга өскөн жана 14,7 млн. АКШ долларын түзгөн портландцемент жана берүүлөрү 80,7 пайызга кыскаруу менен 2,8 млн. АКШ долларын түзгөн жер семирткичтер менен сунушталган. Отчеттук мезгил ичинде Беларусиядан импорттун өсүшү катталган.

Аталган өлкөдөн товарлардын түшүүсү 36,4 пайызга өскөн жана 48,1 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн. Мындай өсүш тракторлор, жүктөрдү ташуу үчүн автомобилдер, эл ташуучу транспорт каражаттары сыяктуу инвестициялык товарлардын импортунун өсүшү менен камсыз болгон. Мындан тышкары, бул өлкөдөн канттын импорту көбөйгөн.

2009-жылдын тогуз айы ичинде алыскы чет өлкөдөн 899,4 млн. АКШ доллары суммасындагы товар импорттолгон, бул 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө караганда 28,6 пайызга төмөн. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен эң ири өнөктөштөрдөн болуп, мурдагыдай эле Кытай саналган, өлкөлөрдүн бул тобунун импортунун жалпы көлөмүндө анын салыштырма салмагы 16,0 пайызга кыскаруу менен 44,7 пайызды түзгөн, бул жагдай кездемелердин, кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттерди жана электр байланыш жабдууларын, жүк ташуу үчүн автомобилдерди, кийимди жана бут кийимди берүүлөрдүн төмөндөөсү менен түшүндүрүлөт.

АКШдан импорт 7,6 пайызга кыскарган жана 74,2 млн. АКШ долларын түзгөн. АКШдан импорттун товардык түзүмү төмөнкү негизги товарлар менен сунушталган: эт жана эт азыктары (11,4 пайызга же 1,8 млн. АКШ долларына өскөн), дары-дармектер (69,6 пайызга же 10,8 млн. АКШ долларына кыскарган), машиналар жана жарандык курулуш үчүн жабдуулар (10,5 эсеге же 4,2 млн. АКШ долларына өскөн), жеңил автомобилдер (78,9 пайызга же 11,4 млн. АКШ долларына кыскарган). Иликтенүүгө алынуучу мезгил ичинде импорт боюнча ири өнөктөш өлкөлөрдүн катарына Кыргызстанга импортунун көлөмү 71,6 млн. АКШ доллар болгон Германия кирген, бул 2008-жылдагы тогуз айы ичиндеги көрсөткүчтөн 66,6 пайызга төмөн. Мындай тенденция негизинен жеңил автомобилдердин жана кремнийдин импортунун кыскаруусу менен түшүндүрүлөт.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

2009-жылдын январь айынан сентябрь айына чейинки мезгил ичинде эл аралык кызмат көрсөтүүлөр теңдеми 2008-жылдын тогуз айындагы 116,3 млн. АКШ долларында терс сальдого каршы, 31,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн.

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 1 245,3 млн. АКШ долларында түптөлгөн, бул ИДПга карата 38,9 пайызды түзөт.

**3-график: Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсүнүн негизги үлүшү төмөнкү өлкөлөргө Казакстанга – 17,3 пайыз, Россияга – 17,1 пайыз, Өзбекстанга – 6,7 пайыз, Тажикстанга – 5,9 пайыз, АКШга – 5,4 пайыз жана Кытайга – 4,3 пайыз туура келген.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык жүгүртүүсүндө 2009-жылдын тогуз айы ичинде кызмат көрсөтүүлөр экспортунун үлүшүнүн импорттун үлүшүнөн артышы байкалган. Алсак, кызмат көрсөтүүлөр экспортунун үлүшү 51,2 пайызды, ал эми импорттун үлүшү – 48,8 пайызды түзөт.

2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча **кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту** 638,2 млн. АКШ доллар көлөмүндө түптөлгөн жана 2008-жылдын тиешелүү мезгил ичиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 9,1 пайызга өскөн.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун географиялык түзүмүндө олуттуу үлүш КМШ өлкөлөрүнө 63,4 пайыз, ал эми алыскы чет өлкөлөргө – 36,6 пайыз туура келген.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен бир кыйла олуттуу үлүш Казакстанга кызмат көрсөтүүлөр импортунун жалпы көлөмүнөн 26,0 пайыз, Өзбекстанга 12,2 пайыз, Тажикстанга -11,1

пайыз, Россияга - 9,0 пайыз туура келет. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен бир кыйла салыштырма салмакты АКШ 9,0 пайыз, Кытай - 6,0 пайыз, Түркия - 2,0 пайыз ээлейт.

2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча төмөнкү өлкөлөргө кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун олуттуу өсүшү байкалган: Тажикистанга - в 5,2 эсе (70,8 млн. АКШ долларына чейин), Кытайга - 6,8 эсе (40,2 млн. АКШ долларына чейин), АКШга - 30,2 пайыз (54,7 млн. АКШ долларына чейин), Түркияга - 41,6 пайыз (11,2 млн. АКШ долларына чейин).

Ушуну менен бирге эле Казакстанга кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмүнүн 6,3 пайызга (165,9 млн. АКШ долларына чейин), Өзбекстанга - 18,5 пайызга (77,9 млн. АКШ долларына чейин), Россияга - 22,6 пайызга (57,3 млн. АКШ долларына чейин) кыскаруусу катталган.

Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун түзүмүндө «кыдыруулар» статьясы боюнча - 6,7 пайызга, ишкердик кызмат көрсөтүүлөр - 50,3 пайызга жана финансы кызмат көрсөтүүлөр статьялары боюнча - 24,0 пайызга өсүш жүргөн.

«Кыдыруулар» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 339,1 млн. АКШ долларын түзгөн жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жалпы көлөмүнөн 53,1 пайызды ээлейт. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр 94,1 млн. АКШ доллары суммасында сунушталган жана алардын үлүшү 14,7 пайызды түзгөн, бул статья боюнча өсүш тоо кен өнөр жай тармагындагы кызмат көрсөтүүлөр статьясынын өсүшүнө негизденген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 8,2 пайызга, камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн - 69,8 пайызга, байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн - 41,4 пайызга жана өкмөттүк кызмат көрсөтүүлөрүнүн - 14,4 пайызга түшүүсү байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөр кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жалпы көлөмүндө 15,2 пайызды ээлейт. Сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн төмөндөөсү темир жол транспортунун чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн 24,3 пайызга жана түтүк өткөрүү транспортунуку 14,5 пайызга азаюусу менен шартталган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр импорту** 607,1 млн. АКШ доллары көлөмүндө түптөлгөн жана 2008-жылдын тогуз айындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 13,4 пайызга кыскарган.

Географиялык түзүмүндө кызмат көрсөтүүлөр импортунун олуттуу үлүшү КМШ өлкөлөрүнө - 67,8 пайыз, алыскы чет өлкөлөргө - 32,2 пайыз туура келген.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен негизги импортер өлкөлөрдөн болуп Россия, анын үлүшү кызмат көрсөтүүлөр импортунун жалпы көлөмүнөн 25,7 пайызды түзөт жана Казакстан саналат, ал 8,2 пайыз өлчөмүндөгү үлүштү ээлейт. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен бир кыйла салыштырмалуу салмак Түркияга - 2,8 пайыз, Кытайга - 2,3 пайыз, АКШга - 2,0 пайыз туура келген; ал эми Германия менен Улуубритания 1,7 пайыздан ээлешкен.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде төмөнкү өлкөлөрдөн кызмат көрөстүүлөрдүн өсүшү байкалган: Кытай – 11,5 пайызга, (13,8 млн. АКШ долларына чейин), Улуубритания – 11,0 пайызга (10,4 млн. АКШ долларына чейин) жана Швейцария – 42,2 пайызга (8,8 млн. АКШ долларына чейин).

Ошону менен бирге эле Россиядан кызмат көрсөтүүлөр импортунун 18,3 пайызга (156,1 млн. АКШ долларына чейин), Казакстандан 19,0 пайызга ( 49,6 млн. АКШ долларына чейин), Түркиядан 8,2 пайызга (16,8 млн. АКШ долларына чейин) жана АКШдан 36,2 пайызга (12,3 млн. АКШ долларына чейин) кыскаргандыгы катталган.

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун негизги статьяларынан болуп, үлүшү 48,4 пайызды түзгөн транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, кыдыруулар - 30,9 пайыз, ишкердик кызмат көрсөтүүлөр - 9,5 пайыз жана башка кызмат көрсөтүүлөр - 3,9 пайыз саналган.

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун түзүмүндө сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн, «кыдыруулар» жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскаргандыгы байкалган.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн 2008-жылдагы ушул эле мезгилиндеги алардын көлөмүнө салыштырганда 16,8 пайызга төмөндөөсү темир жол транспорту аркылуу ташуу-

лардын көлөмүнүн 16,9 пайызга, аба транспорту аркылуу ташуулардын 14,1 пайызга, авто транспорттук ташуулардын 16,5 пайызга кыскаруусу менен шартталган.

Ал эми «кыдыруулар» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмүнүн 7,7 пайызга, (187,8 млн. АКШ долларына чейин) төмөндөөсү чет өлкөлөргө кетип жаткан резиденттердин санынын кыскаруусу менен шартталган.

Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмү 2008-жылдын тогуз айы ичиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 16,7 пайызга кыскаруу менен 57,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

## КИРЕШЕЛЕР

2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча кирешелер балансынын сальдосу 87,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан, мында 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда ал, 12,8 пайызга төмөндөгөн.

Ушул статья боюнча төмөндөө, эң оболу Кыргызстанда инвестициялык ишкердиктен тике чет өлкө инвесторлорунун кирешелеринин кыскарышынан улам келип чыккан. Алсак, 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда тике чет өлкө инвесторлорунун 2009-жылдын тогуз айы ичиндеги кирешелери 45,8 пайызга кыскаруу менен 44,3 млн. АКШ доллар чегинде катталган.

Кирешелер балансынын терс сальдосунун төмөндөшүнө, ошондой эле өлкө резиденттеринин чет өлкөлөрдөгү портфелдик инвестициялар боюнча кирешелеринин көбөйүүсү да таасирин тийгизген, алсак, 2008-жылдын тогуз айы ичиндеги ушундай эле кирешелерге салыштырганда, бул көрсөткүч 13 эсеге көбөйүү менен 3,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде «Эмгекке төлөөлөр» статьясы 18,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн жана 12,0 пайызга өскөн, бул резидент эместердин Кыргыз Республикасында жүргүзгөн ишинен алынган кирешелеринин, резиденттердин чет өлкөлөрдө эмгектенүүсүнөн алынган кирешелеринен артып кетиши менен шартталган. Алсак, резидент эместердин биздин өлкөдө алган кирешелери 15,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге караганда 12,6 пайызга көп, ошол эле учурда резиденттердин чет өлкөлөрдө алынган кирешелери 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 3,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө катталган.

## ТРАНСФЕРТТЕР

2009-жылдын тогуз айы ичинде күндөлүк трансферттер балансы 892,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо калыптанган, бул 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн 18,8 пайызга аз. Күндөлүк трансферттердин жалпы көлөмүндө негизги үлүштү мурдагыдай эле, **иштеп жаткандардын** акчалай которуулары ээлеген, отчеттук мезгил ичинде алардын таза агымы 32,8 пайызга кыскарган.

**Иштеп** жаткандардын акчалай которууларынын дүйнөнөн алгандагы агымында эң эле чоң үлүштү ар түрдүү которуу системалары боюнча[1] (90,0 пайыз) которуулар ээлеген. Отчеттук мезгил ичинде которуу системалары боюнча акча которуулардын таза агымы 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги алардын көлөмүнө салыштырганда 23,3 пайызга кыскарган. Бул негизинен, которуулардын географиялык түзүмүнө таасир эткен эмес, ал акыркы жылдар аралыгында туруктуу бойдон калууда. Алсак, 2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (88,4 пайыз), АКШдан (7,9 пайыз) жана Казакстандан (3,4 пайыз) түшкөн. Ал эми Кыргыз Республикасынан негизинен, Россия Федерациясына (97,6 пайыз), АКШга (1,6 пайыз) жана Казакстанга (0,3 пайыз) которуулар ишке ашырылган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча которуулардын сальдосу, мурдагыдай эле, керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жапкан, ал өз кезегинде, 480,5 млн. АКШ долларындагы тартыштыгы менен түптөлгөн.

---

[1] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Тез почта, Аллюр жана которуулардын башка системасы аркылуу которуулар «Кыргызпочтасы» МИ аркылуу котруулар.

**4-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**

*ИДПга карата пайыздарда*




**5-график: Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**

*ИДПга карата пайыздарда*




**Расмий трансферттердин** таза агымы 169,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчтөн 6,9 эсеге көп. Мамлекеттик сектор тарабынан алынган акчалай гранттардын, атап айтканда Россия Федерациясынан 150 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү грантты алуунун натыйжасында, акчалай гранттардын көлөмүнүн олуттуу көбөйүүсүнүн эсебинен мына ушундай өсүш жүргөн. Бирок, бул грантты эске албаганда, расмий трансферттердин 2009-жылдын тогуз айы ичиндеги агылып кирүүсү 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги трансферттерге салыштырганда 21,9 пайызга азайган.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

Отчеттук мезгил ичинде капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 405,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, ал эми 2008-жылдын ушул эле мезгилинде ал 47,5 млн. АКШ долларын түзүү менен терс мааниде чыккан эле.

Капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгы 2009-жылдын тогуз айы ичинде 19,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндегиге караганда 26,3 пайызга аз. Чет өлкөлөргө туруктуу жашап калуу үчүн кетип жаткан мигранттардын капиталынын жылышына байланыштуу келип чыккан операциялар мына ушул статьянын өзгөрүшүнө олуттуу таасир эткен. Алсак, мигранттар өздөрү менен кошо алып кеткен активдерди 59,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө баалоого болот, ал эми мигранттар алып келген активдер болгону 6,7 млн. АКШ долларын гана түзөт. Отчеттук мезгил ичинде мигранттардын активдер боюнча нетто-позиция 53,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн 14,6 пайызга төмөн.

Кароого алынып жаткан жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча финансылык операциялар эсебинин сальдосу 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 21,6 млн. АКШ долларын түзгөн анын терс маанисине салыштырганда, 424,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан. Финансы эсебине бир жагынан, тике жана башка инвестициялар боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү, ал эми экинчи жагынан портфелдик инвестициялар боюнча капиталдын таза агылып чыгуусу таасир эткен.

Тике инвестициялардын оң сальдосу 62,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 67,7 пайызга аз.

Ушул көрөсткүчтөрдүн мааниси резиденттердин чет өлкөлөрдөгү тике инвестицияларынын көбөйүүсү 0,6 млн. АКШ долларын түзүп, ал эми Кыргызстанга тике инвестициялардын таза агылып кирүүсү 68,9 пайызга төмөндөө менен 61,9 млн. АКШ долларын түзүүсүнүн натыйжасында келип чыккан. Мына ушундай өзгөрүү мурда алынган инвестициялар үчүн

каражаттардын кайтарылып берилишинин олуттуу артышы шартында инвестиция агымынын төмөндөшү кесепетинен жүргөн. Тике инвестициялар боюнча төлөөлөрдүн негизги агылып чыгуусу КМШ өлкөлөрүнө, атап айтканда Казакстанга – 63,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө катталган, анын үлүшү КМШ өлкөлөрүнө таза агылып чыгуунун жалпы көлөмүндө 99,0 пайызга жеткен. Алыскы чет өлкөлөр боюнча капиталдын агылып чыгуусу 8,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө (алыскы чет өлкөлөргө таза агылып чыгуунун жалпы көлөмүндө 33,8 пайыз) Түркия мамлекети, Венгрия – 5,4 млн. АКШ доллары (22,9 пайыз) жана Кувейт – 4,7 млн. АКШ доллары (19,6 пайыз) боюнча белгиленген.

Экономикалык ишкердик түрлөрү боюнча тике инвестицияларга тиешелүү каражаттардын кайтып келүүсү кайра иштетүү өнөр жайы боюнча 17,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө жана финансылык ишкердик боюнча 8,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө байкалган.

Коммерциялык банктар тарабынан чет өлкө баалуу кагаздары менен жүргүзүлгөн операциялардын натыйжасында портфелдик инвестициялар боюнча капиталдын таза агылып чыгуусу отчеттук мезгил ичинде 1,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча салыштырмалуу көрсөткүчтөн 67,8 пайызга көп.

Отчеттук мезгил ичинде башка инвестициялар сальдосу 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 214,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү анын терс маанисине караганда, 363,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө оң чыккан.

Мына ушул статьянын калыптанышына олуттуу таасирди Кыргыз Республикасынын резиденттеринин чет өлкөлөрдө тышкы активдеринин кыскаруусу шартында, тышкы милдеттенмелердин көбөйүүсү тийгизген. 2008-жылдын тогуз айы ичиндеги 129,1 млн. АКШ долларын түзгөн ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, отчеттук мезгил ичинде резиденттердин тышкы активдеринин 54,5 пайызга төмөндөөсү катталган. Негизинен тышкы активдердин динамикасына дебитордук карыздын өсүш арымынын 9,2 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсү таасирин тийгизген, ошол эле учурда 2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча анын 222,1 млн. АКШ долларына көбөйүүсү байкалган.

Тышкы милдеттенмелер боюнча 492,6 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү таза агылып кирүү катталган, бул 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнөн 7,1 эсеге жогору. Ушул статьянын калыптанышына бир жагынан коммерциялык банктардын тышкы милдеттенмелеринин жана экинчи жагынан кредитордук карыздардын олуттуу төмөндөшү шартында сырттан кредиттөө көлөмүнүн көбөйүүсү таасирин тийгизген.

Коммерциялык банктардын тышкы милдеттенмелери 15,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул банктар тарабынан накталай акчаларды жана чет өлкө валютасындагы депозиттерди 24,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө артыруусу менен түшүндүрүлөт.

Резидент эместерден алынган кредиттердин көлөмү 337,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 7,1 эсеге көбөйгөн. Алардын ичинен мамлекеттик секторго 354,5 млн. АКШ доллары түшкөн, мунун 300,0 млн. АКШ долларын Россия кредити ээлейт. Жеке сектордо мурда 17,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө тартылган каражаттар үчүн капиталдын таза агылып чыгуусу байкалган. 2008-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 62,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө таза агалып кирүү катталган эле.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде кредитордук карыздардын көлөмү 7,2 млн. долларга чейин төмөндөгөн, ал эми салыштыруу үчүн алынган мезгилде 62,9 млн. АКШ доллары көлөмүндө көбөйүү катталган.

Мындан тышкары, тышкы милдеттенмелердин өлчөмүнө өлкөлөрдүн төлөм теңдемин колдоого алуу үчүн ЭВФке мүчө болгон өлкөлөр арасында АКУну (СДР) бөлүштүрүү да таасирин тийгизегн, натыйжада, Кыргыз Республикасынын милдеттенмеси 132,2 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

**«Каталар жана калтырып кетүүлөр»** статьясы 231,9 млн. АКШ доллары көлөмүндө

терс сальдодо түптөлгөн, бул республикага агылып кирген капиталдын жетишсиз эсепке алынгандыгы жөнүндө тастыктайт.

**Дүң эл аралык камдар** 1 496,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул келечектеги товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмүнүн 4,2 айын жаба алат.

**3-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналититикалык түрдө берүү)**
***(млн. АКШ долларында)***

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2008 9 ай | 2009 9 ай |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-38,4** | **-287,2** | **-227,7** | **-603,4** | **-444,5** | **-17,2** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -450,5 | -968,5 | -1195,9 | -1976,9 | -1443,3 | -822,6 |
| Соода балансы* | -418,7 | -886,5 | -1275,8 | -1879,2 | -1327,0 | -853,6 |
| Экспорт (ФОБ) | 686,8 | 906,0 | 1337,8 | 1874,4 | 1342,8 | 1126,0 |
| КМШ | 305,3 | 476,1 | 753,9 | 1011,7 | 786,5 | 566,2 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 381,5 | 429,9 | 583,9 | 862,7 | 556,3 | 559,8 |
| Импорт (ФОБ) | 1105,5 | 1792,4 | 2613,6 | 3753,5 | 2669,9 | 1979,6 |
| КМШ | 641,0 | 925,8 | 1420,7 | 2025,4 | 1515,0 | 1151,4 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 464,5 | 866,6 | 1192,9 | 1728,1 | 1154,9 | 828,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -31,8 | -82,0 | 79,9 | -97,7 | -116,3 | 31,1 |
| Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр | 259,4 | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 585,0 | 638,2 |
| Алынган кызмат көрсөтүүлөр | -291,3 | -460,8 | -604,8 | -993,8 | -701,3 | -607,1 |
| Кирешелер | -88,2 | -48,2 | -52,4 | -103,2 | -100,2 | -87,4 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -36,0 | -39,8 | -39,5 | -73,9 | -81,6 | -44,3 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | — | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 0,3 | 3,9 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -31,8 | 15,8 | 7,7 | -7,5 | -2,4 | -28,6 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -36,2 | -19,9 | -25,7 | -30,9 | -22,3 | -31,6 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 4,4 | 35,6 | 33,4 | 23,4 | 19,9 | 3,1 |
| Эмгекке төлөөлөр | -20,4 | -24,2 | -20,8 | -22,3 | -16,4 | -18,4 |
| Күндөлүк трансферттер | 500,3 | 729,5 | 1020,5 | 1476,7 | 1099,1 | 892,7 |
| **Капитал менен операциялар жана финансы операцияларынын эсеби** | **0,9** | **285,9** | **266,4** | **-7,6** | **-47,5** | **405,8** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -25,9 | -19,1 |
| Капиталдык трансферттер | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -25,9 | -19,1 |
| Финансы эсеби | 21,5 | 329,7 | 341,2 | 37,3 | -21,6 | 424,9 |
| Тике инвестициялар* | 42,6 | 182,0 | 208,1 | 232,4 | 193,3 | 62,5 |
| Портфелдик инвестициялар | 2,3 | -3,0 | -17,7 | -25,6 | -0,6 | -1,1 |
| Финансылык деривативдер | — | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | -23,4 | 150,7 | 150,9 | -169,4 | -214,2 | 363,5 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -47,5 | -24,0 | 19,5 | -369,3 | -283,8 | -129,1 |
| Коммерциялык банктар | -15,1 | -17,0 | 37,7 | -115,9 | -61,6 | -131,9 |
| Жана башка активдер | -32,4 | -7,0 | -18,2 | -253,4 | -222,2 | 2,8 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 24,1 | 174,7 | 131,4 | 199,9 | 69,5 | 492,6 |
| Коммерциялык банктар | -11,9 | -26,6 | 66,6 | 48,4 | -41,1 | 15,8 |
| Кредиттер | 18,4 | 68,6 | 51,4 | 32,5 | 47,8 | 337,3 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 17,2 | 56,5 | 35,1 | 4,7 | 14,9 | 354,5 |
| Алынганы | 67,0 | 80,7 | 62,0 | 40,7 | 38,2 | 376,4 |
| Амортизация (график) | -49,7 | -24,2 | -26,9 | -36,0 | -23,4 | -21,9 |
| Жеке секторго кредиттер | 1,2 | 12,1 | 16,4 | 27,8 | 32,9 | -17,2 |
| Алынганы | 10,0 | 25,2 | 40,4 | 52,3 | 48,9 | 22,8 |
| Амортизация (график) | -8,8 | -13,1 | -24,0 | -24,4 | -16,0 | -40,0 |
| Жана башка милдеттенмелер | 17,7 | 132,7 | 13,3 | 119,0 | 62,9 | 139,4 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **66,6** | **185,1** | **268,7** | **694,8** | **595,8** | **-230,9** |
| **Жалпы баланс** | **29,1** | **183,7** | **307,3** | **83,8** | **103,8** | **157,6** |
| **Каржылоо** | **-29,1** | **-183,7** | **-307,3** | **-83,8** | **-103,8** | **-157,6** |
| Улуттук банктын камдары | -80,5 | -169,9 | -306,8 | -121,3 | -108,5 | -181,6 |
| ЭВФтин кредиттери | -12,5 | -23,5 | -20,7 | 18,7 | -5,2 | 7,2 |
| Өзгөчө каржылоо | 63,9 | 9,7 | 20,1 | 20,6 | 15,3 | 9,9 |
| Башка каржылоолор | — | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

| 2008 | | | | 2009 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | |
| **-256,7** | **-161,4** | **-26,3** | **-159,0** | **-159,3** | **170,2** | **-28,1** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -450,7 | -554,3 | -438,4 | -533,5 | -296,1 | -223,1 | -303,4 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -396,6 | -496,9 | -433,5 | -552,1 | -293,4 | -262,7 | -297,5 | Соода балансы* |
| 330,9 | 438,7 | 573,2 | 531,5 | 298,5 | 390,8 | 436,6 | Экспорт (ФОБ) |
| 185,7 | 252,1 | 348,7 | 225,2 | 140,3 | 192,2 | 233,7 | КМШ |
| 145,2 | 186,6 | 224,5 | 306,3 | 158,2 | 198,6 | 202,9 | Алыскы чет мамлекеттер |
| 727,5 | 935,7 | 1006,8 | 1083,7 | 591,9 | 653,6 | 734,2 | Импорт (ФОБ) |
| 417,5 | 512,9 | 584,6 | 510,4 | 332,0 | 364,5 | 454,9 | КМШ |
| 310,0 | 422,7 | 422,2 | 573,2 | 259,9 | 289,0 | 279,3 | Алыскы чет мамлекеттер |
| -54,1 | -57,4 | -4,9 | 18,6 | -2,7 | 39,6 | -5,8 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 141,9 | 193,9 | 249,2 | 311,0 | 182,9 | 239,8 | 215,6 | Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр |
| -195,9 | -251,3 | -254,1 | -292,5 | -185,6 | -200,1 | -221,4 | Алынган кызмат көрсөтүүлөр |
| -51,9 | -15,2 | -33,1 | -3,0 | -37,3 | -13,8 | -36,3 | Кирешелер |
| -44,6 | -7,3 | -29,7 | 7,7 | -29,9 | 0,7 | -15,1 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 0,3 | — | — | 0,2 | 3,3 | 0,3 | 0,3 | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -2,3 | -2,0 | 1,9 | -5,1 | -4,7 | -8,4 | -15,5 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -7,4 | -9,2 | -5,7 | -8,5 | -7,9 | -7,9 | -15,9 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 5,1 | 7,2 | 7,6 | 3,4 | 3,2 | -0,6 | 0,4 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -5,3 | -5,8 | -5,3 | -5,9 | -6,0 | -6,5 | -5,9 | Эмгекке төлөөлөр |
| 245,9 | 408,0 | 445,2 | 377,6 | 174,1 | 407,1 | 311,5 | Күндөлүк трансферттер |
| **44,3** | **69,1** | **-160,9** | **40,0** | **5,1** | **271,5** | **129,2** | **Капитал менен операциялар жана финансы операцияларынын эсеби** |
| -5,7 | 1,8 | -22,0 | -19,0 | -6,3 | -10,9 | -1,9 | Капитал менен операциялардын эсеби |
| -5,7 | 1,8 | -22,0 | -19,0 | -6,3 | -10,9 | -1,9 | Капиталдык трансферттер |
| 50,0 | 67,3 | -138,9 | 59,0 | 11,4 | 282,4 | 131,0 | Финансы эсеби |
| 74,5 | 65,0 | 53,8 | 39,1 | -8,7 | 4,5 | 66,7 | Тике инвестициялар* |
| -16,1 | -4,2 | 19,6 | -25,0 | -10,4 | -1,6 | 10,9 | Портфелдик инвестициялар |
| — | — | — | — | — | — | — | Финансылык деривативдер |
| -8,4 | 6,5 | -212,3 | 44,8 | 30,6 | 279,5 | 53,4 | Башка инвестициялар |
| -10,7 | -94,7 | -178,4 | -85,6 | 28,0 | -48,7 | -108,4 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| 7,1 | -60,3 | -8,3 | -54,3 | -24,5 | -29,1 | -78,2 | Коммерциялык банктар |
| -17,7 | -34,4 | -170,1 | -31,2 | 52,5 | -19,5 | -30,1 | Жана башка активдер |
| 2,2 | 101,2 | -33,9 | 130,4 | 2,6 | 328,2 | 161,7 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| -9,5 | 7,8 | -39,4 | 89,5 | -2,8 | 19,2 | -0,6 | Коммерциялык банктар |
| 11,4 | 22,0 | 14,4 | -15,3 | 17,6 | 302,9 | 16,8 | Кредиттер |
| 2,7 | 7,8 | 4,3 | -10,2 | 13,9 | 310,1 | 30,5 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 8,1 | 19,4 | 10,8 | 2,5 | 17,7 | 322,7 | 36,0 | Алынганы |
| -5,3 | -11,5 | -6,5 | -12,7 | -3,8 | -12,6 | -5,4 | Амортизация (график) |
| 8,7 | 14,2 | 10,1 | -5,1 | 3,8 | -7,2 | -13,7 | Жеке секторго кредиттер |
| 13,0 | 17,1 | 18,8 | 3,3 | 5,2 | 9,3 | 8,3 | Алынганы |
| -4,4 | -3,0 | -8,7 | -8,4 | -1,4 | -16,5 | -22,0 | Амортизация (график) |
| 0,4 | 71,4 | -8,9 | 56,1 | -12,2 | 6,1 | 145,5 | Жана башка милдеттенмелер |
| **128,0** | **159,1** | **308,7** | **99,1** | **-5,6** | **13,5** | **-238,7** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-84,5** | **66,8** | **121,5** | **-19,9** | **-159,9** | **455,1** | **-137,6** | **Жалпы баланс** |
| **84,5** | **-66,8** | **-121,5** | **19,9** | **159,9** | **-455,1** | **137,6** | **Каржылоо** |
| 89,8 | -86,1 | -112,1 | -12,8 | 164,9 | -487,0 | 140,5 | Улуттук банктын камдары |
| -9,0 | 14,6 | -10,8 | 23,9 | -10,0 | 24,2 | -7,0 | ЭВФтин кредиттери |
| 3,7 | 4,8 | 1,4 | 8,8 | 5,0 | 7,7 | 4,1 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | Башка каржылоолор |

# I тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу түрдө берүүдө)

***(млн. АКШ долларында)***

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2008<br>9 ай | 2009<br>9 ай |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-38,4** | **-287,2** | **-227,7** | **-603,4** | **-444,5** | **-17,2** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -450,5 | -968,5 | -1195,9 | -1976,9 | -1443,3 | -822,6 |
